**Список использованной литературы:**
1. Гамарник М. Жизнь и творчество Таттимбета. Автореферат … к.иск., - Алматы, 1996.
2. Ерзакович Б.Г. Песенная культура казахского народа. А.,1966.
3. Жубанов А. Струны столетий. А.,1958.
4. Жубанова А. Соловьи столетий. А.,1966.
5. Калиев С. Формы функционирования кюев-шертпе в контексте творческого мышления кюйши. Автореферат …к.иск., - Алматы, 1996.

УДК 372.878:93
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-137-142

**Мамытова Айзат Жумагазиевна**
И. Арабаев атындагы КМУ, музыка кафедрасы, окутуучу
**Мамытова Айзат Жумагазиевна**
КГУ им. И. Арабаева, кафедра музыки, преподаватель
**Mamytova Aizat Zhumagazievna**
KSU I. Arabaeva, Department of Music, teacher

# МУЗЫКАЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮ
# СИСТЕМНОЕ РАЗВИТИЕ МУЗЫКАЛЬНОГО ПЕДАГОГИЧЕСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ
# DEVELOPMENT OF THE MUSICAL AND PEDAGOGICAL EDUCATION SYSTEM

**Аннотация:** макалада билим берүү системасынын ичинде музыкалык билим берүүнүн түптөлүшү, тарыхый калыптануусу, өнүгүп-өсүү процесси жана жалпы билим берүү системасынын алкагында музыкалык билим берүүнүн мааниси мектепке чейинки жана мектеп курагындагы балдарга эстетикалык тарбия берүү экендиги айтылган.

**Аннотация:** В данной статье рассматривается основные направления по развитию музыкального образования, его исторические истоки, а также процесс развития музыкального образования в дошкольном и школьном образовании.

**Abstract:** The article talks about the formation, historical formation, development of music education within the education system and the importance of music education within the general education system in the aesthetic education of preschool and school-age children.

**Негизги сөздөр:** музыка, эстетикалык тарбия, консерватория, музыкалык билим, руханий абал ж.б.

**Ключевые слова:** музыка, эстетическое воспитание, консерватория, музыкальное образование, духовное состояние и.тд.

**Key words:** music, aesthetic education, conservatory, musical education, spiritual state, etc.

Музыкалык тарбия берүү элдик педагогиканын эң башкы бөлүктөрүнүн бири болуп саналат, ошол сыяктуу эле бүгүнкү күндө да музыкалык тарбия берүү жалпы билим берүү мектептеринде маанилүү орунду ээлейт.

Музыкалык тарбия берүүнүн эң башкы максаты – инсанды музыка аркылуу тарбиялоо, биринчи кезекте баланын инсан болуп калыптануусуна багыт берүү. Музыкалык тарбия берүү баланын көркөм дүйнөгө болгон көз карашынын, башкача айтканда эстетикалык маданиятынын фундаменти болуп саналат [2].

Кыргыз эли да байыртадан баланы тарбиялоого өзгөчө көңүл буруп, анын ар тараптуу өсүп жетилүүсү үчүн колдон келген бардык мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып келишкен. Бала жарык дүйнөгө келери менен анын кулагына азан айтылып, аты коюлган. Бешикте жаткан курагында наристе бала сөз маанисин түшүнбөсө да анын кулагына жагымдуу обон менен бешик ыры ырдалып, баланын эл уулу болуп жетилүүсү илгери үмүт менен Жаратыкандан суралган. Мына ошол адамдын адам болуп жетилүүсү үчүн тарбиянын негизин түзгөн музыкалык тарбия-билим берүү багытында ата-бабаларыбыздын турмушунда орун алган ар кандай маалыматтар же ыр менен коштолгон элибиздин жашоо турмушу тууралуу баа жеткис маалыматтар бизге оозеки түрүндө, айрым кошуна мамлекеттердин жазма маданияттарында сакталып келгендиги маалым. Ошондой болсо да бул багытта орчундуу иш аракеттер XX кылымдын башында Октябрь революциясынан кийин башталды. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөөгө болгон иш аракеттер келечек муунга татыктуу билим-тарбия берүү менен гана ишке ашарын ал кездеги алдыңкы көз караштагы коомдук ишмерлер терең түшүнгөн. Ошондуктан алар бул багытта дүйнөлүк практикага көңүл бурушуп, ага чейин топтолгон илимий-теориялык тыянактарга таянып иш алып барышкан.

Эстетикалык тарбия берүү адамзат маданиятынын өнүгүшү түздөн-түз көз каранды болгон негизги проблемалардын катарына кирет. Жалпыга белгилүү болгондой эстетикалык тарбия берүүнүн өзөгү жана башкы каражаты болуп инсанга таасир берүүдө өзүнүн универсалдуулугу менен айырмаланган искусство саналат. Искусство системасында адамга комплекстүү таасир берүү мүмкүнчүлүгү менен музыка өзгөчө орунду ээлейт. Көп жылдан бери топтолгон тажрыйба атайын изилдөөлөр музыка адамдын психикасына, физиологиясына чон таасирин тийгизерин көрсөттү. Ал жан дүйнөнү жай алдыруучу жана жан эргитүүчү ар кандай эмоцияларды тартуулайт. Буга байланыштуу инсанга музыкалык тарбия берүүнүн манилүүлүгү жөнүндөгү тыянактар, анын адамдагы жалпы психикалык сапаттарды, өнүктүрүү үчүн инсандын эмоционалдуулугу үчүн, жан дүйнөсүнүн сезимталдыгын, жана башка тарбиялоо үчүн маанилүүлүгү тарбия берүү системасында белгиленип келет.

Музыкалык билим берүүнүн өнүгүү тарыхын изилдөө бул чоң маселе. Анткени кайсы гана көйгөй жаралбасын ал өткөн менен бүгүнкүнүн терең байланышынан келип чыккан реалдуулуктун көрүнүшү.

Педагогика илими пайда болгондон баштап музыкалык билим берүү жолдору дагы пайда боло баштаган анткени, көптөгөн окумуштууларды музыка илими кызыктырып турган. Музыка байыркы грек философиясында маанилүү орунду ээлеп турган. Пифагоризмдин алгачкы окууларынын биринде жана алгачкы изилдөөлөрүнүн биринде, «үн» чөйрөлөрү адамдын жан дүйнөсү менен шайкеш келип, адамдын сырткы дүйнө менен гармониясын орнотууга жана ошондой эле адамдын ооруларын айыктырат деген жыйынтыкка келишкен [3]. Байыркы грек философтору музыкалык психологиянын пайдубалын түптөшкөн. Платон гимнастикасы денени тарбиялоо үчүн керек болсо жан дүйнөнү тарбиялоо үчүн музыка дагы керек деген жыйынтыкка келишкен. Б.з.ч 500 жыл мурун адамдар жашоо үчүн баардык континенттерге отурукташа башташкан, эң обочолонгон дүйнө уруктарын кошкондо, дүйнөнүн бардык эли бир музыкага ээ

болгондуктан тарыхчылар Африкадагы биринчи адамдарда планетага отурукташканга чейин эле пайда болгон болуш керек деген бүтүмгө келишкен, демек музыканын пайда болушун дагы Африкалыктар менен байланыштырышат.

Биздин заманга чейинки доор жазуу жүзүндөгү музыкалык салтка өтүү менен аяктайт. Кийинки доор байыркы дүйнөнүн музыкасы деп аталган. Мына ушул доорго музыканын пайда болушун жана музыкалык билим берүүнү байланыштырсак болот деген. «Снипл» тактасына жазылган эң эски ыр Ниппурда табылган, ал биздин заманга чейинки 2000-жылга таандык. Индия музыкасы жана музыкалык билим берүүнү дагы мына ушул доорго жакындатышат. Ал тууралуу эскерүү Ведалардын ыйык жазмаларында кездешет деп айтышат. Ал эми Ирандын Музыка тарыхы, тарыхый доордон башталат жана легендарлуу улуу падыша Жамшид музыка ойлоп тапкан жана музыка аркылуу адамдардын психологиясына дагы ар кандай практикаларды жургүзгөн. Ирандагы бул изилдөөлөр биздин заманга чейин 644-жылы «Эламит» империясынын мезгилдеринен башталган десек болот.

Ал эми байыркы Грецияда болсо музыка байыркы кылымдын маданиятындагы эң жогорку гүлдөп өнүгүүгө жеткен деп эсептелет. Музыка деген сөздүн өзү байыркы грек тилинен чыккан. Байыркы Грецияда биринчи жолу музыка менен табигый катнаш белгиленген [5].

Билим берүү жана тарбиялоо предмети жана коомдук жашоонун компоненти катары музыка гректер үчүн жана жалпы Европа цивилизациясы үчүн чоң мааниге ээ болгон.

Батыш Европада 4-кылымдан баштап монастырлар менен мектептер болгон мына ушул жактарда музыкалык билим берилип баштаган. Андан кийин Париж, Прага өлкөлөрүндө алгач чиркөө мүнөзүндөгү билим берүүчү мекемелер болгон.

15-кылымда Нидерландыда жана Францияда жайылган музыкалык искусствонун ири өкүлдөрү чыккан интернаттар менен хор мектептери. Музыкалык искусствонун өнүгүшү менен шаарлардын музыкалык маданияты мектептин ырчылык коомдору пайда болду, музыканттардын жана аспапчылардын устаканалары мааниге ээ болуп эркин музыка мугалимдеринин педагогикалык ишмердүүлүгү пайда болду. Жандуу музыка искусствосундагы светтик тенденцияны күчөтүп, ага байланыштуу аспапчылар менен ырчыларды, театрлар актерлорун жана оркестр музыканттарын окута башташкан. Чыгармачыл мектептердин калыптанышы жана өнүгүшү үчүн белгилүү композиторлорду жана музыканын теоретиктеринин педагогикалык практикасы чон мааниге ээ болуп баштаган.

Ал эми Россияда эң байыркы музыкалык билим берүү борборлору, ырдоо мектептери жана ошондой эле 11-кылымда Смоленск шаарында алгачкы музыкалык ырдоо хору пайда боло баштаган. Кийинки кылымдарда княздык жана дворяндардын жашоосунун ажырагыс бөлүгүнө айланган ыйык музыка менен катар элдик музыкалык чыгармачылык жана жекече музыканы аткаруу өнүккөн жана дагы аскердик музыкага көп көнүл бурула баштаган, аскердик музыка аскерлерге дем күч берет деген жыйынтыкка келишкен. Москва университетинин Шляцкий корпусунда музыка жаатында билим алууга көп көңүл бурула баштаган. Муну менен катар музыкалык мектептер элдик консерватория деп аталган музыкалык билим берүү мекемелери курула баштаган.

Агартуучулар да көркөм өнөрдүн тарбиялык мааниси өтө чоң деп эсептешкен. Дидро менен Лессинг көркөм өнөрдү адептүүлүктүн мектеби деп, социалдык үгүт, насыяттын трибуну (коомдун мүдөөлөрүн жактоочу нерсе) деп эсептешкен. Анын үстүнө агартуучулар

көркөм табитти калыптандыруудагы эң негизги ролду музыкалык өнөргө, театрга ыңгайлаштырышкан.

Ал эми Совет бийлигинин жылдарында музыкалык билим берүүнүн мамлекеттик тутуму түзүлгөн. Жети жылдык билим берүү менен башталгыч музыкалык мектептер, 4 жылдык окуу курсу менен музыкалык орто билимдүү адистерди даярдай баштaшкан. Башталгыч музыкалык мектептерде балдарды музыка менен тааныштыруу, каалаган аспапта ойногонду үйрөтүү, музыканын башталгыч теориясы боюнча билим берүү, музыкалык жөндөмүн өстүрүү жана андан аркы профессионалдуулук үчүн маалыматтарды ачып берүүгө багытталган. Музыкалык билимин улантуунун каалаган эң жөндөмдүү студенттер музыкалык мектептерге жазыла алышкан.

Совет адамдарына музыкалык эстетикалык тарбия берүү үчүн СССРде жалпы музыкалык билим берүүчү мекемелердин тармагы түзүлгөн. Музыка предмети орто билим берүүчү мектептердин окуу планына киргизилген. Чет өлкөдөгү музыкалык билим берүүнүн борборлору Берлин, Будапешт, Варшава, Прага, София капиталисттик өлкөлөр Бостон Нью-Йорк, Вена, Лондон, Мадрид, Париж, Рим.

Ал эми чыгыш менен батыштын музыкалык традицияларынын өз ара аракети жана анын маданиятынын кеңейишине тийгизген таасири, музыкалык чоң билим берүүчү потенциалга ээ болуп, элдердин жакындашуусуна жана маданий чектерден чыгууга өбөлгө болот - деген ойду окумуштуулар тастыкташкан. Музыкалык билим берүү салты анын гуманисттик багыты илгертеден бери келе жатат. Музыка адамдарга сыйкырдуу жана билим берүүчү таасирлери менен коштолгон. Ошентип Байыркы Чыгышты окутуунун ар кандай программадагы билим берүү, математика ошону менен бирге, чечендик өнөр менен катар музыкалык билим берүү дагы эң алдынкы орунду ээлеп турган.

Россиялык Улуу тарыхчы жана окумуштуу, педагог Л. Саккетинин изилдөөсү боюнча ошол кезде музыка Кытайдагы социалдык мекеме болгон - деген тыянакка келген. Ал мамлекетти башкаруунун күчтүү фактору жана адамды тарбиялоо каражаты катары колдонулган. Көрүнүктүү философ Конфуцийдин «Этика» китебинде баяндалган концепцияга ылайык, билим поэзиядан башталып, андан кийин ага терең таасир этиши мүмкүн болгон музыканы олуттуу түшүнүүнүн, негизинде жүрүм-турум нормаларын өркүндөтүп, адамды өнүктүрүү керек,- деген оюн айткан. Андан тышкары кытайлык император Мин Хуанг музыканын колдоочусу катары белгилүү болгон. Ал музыканттарды даярдоо үчүн мектеп түзүп, аны өзү жетектеген, жана окуучуларга аспаптарда ойноону үйрөткөн. 12-кылымда «Алмурут бакчасынын консерваториясы» деп аталган чоң окуу жайды түптөгөң. Муну менен чыгыш өлкөлөрүндө 12-кылымдан мурда эле музыкалык билим берүүгө олуттуу мамиле жасап баштaшкан. Ал эми гректердин бүтүндөй музыкалык теориясынын негизин музыка түзөт жана билим берүүдөгү эң чон жетишкендиктерге жеткенин баса белгилешет.

Ал эми кыргыз элинин педагогикалык ойлору башка кошуна элдер жана мамлекеттер менен байма-бай алакасы жөнүндө маалымат берүүчү материалдардын негизинде калыптанат. Кыргызстан Россиянын курамына киргенден баштап педагогика илими орус билим берүүнүн алкагынды эриш –аркак өнүккөн. Бул процесс Кыргызстан эгемендүүлүк алганга чейин уланган. Кыргызстандын элге билим берүүсүнүн келечекте өнүгүүсүн аныктоо чет элдик тажрыйбаларды активдүү үйрөнүү жана балдарга музыкалык билим жана тарбия берүү байыртадан эле салт болуп келген. Музыкалык тарбия берүү элдик педагогиканын эң башкы бөлүктөрүнүн бири болуп саналат, ошол сыяктуу эле бүгүнкү

күндө да музыкалык тарбия берүү жалпы билим берүү мектептеринде маанилүү орунду ээлейт.

Музыкадагы илимий көз караштын алгачкы элементтери байыркы доордогу маданияты жогору өнүккөн Кытай, Индия, Греция жана башка өлкөлөрдө пайда болгон. Гректин көрүнүктүү музыкалык теоретиги Аристоксендин (Аристотелдин шакирти, биздин заманга чейинки 4-кылым) музыкалык кубулуштарды талдаган эмгектери бар. Музыка таанууга Орто Азия илимпоздору (Абу Наср аль-Фараби (10-кылым), Ибн Сина (10–11-кылым)], араб, фарсы, византия теоретиктери зор үлүш кошкон. 18-кылымда Ж.Мартини (Италия), Ж.Хокинс менен Ч.Берни (Улуу Британия), 19-кылымда Г.Берлиоз, Р.Шуман, Р.Вагнер, Ф.Листтин музыкага арналган сын эмгектери жарык көргөн. Бул окумуштуулардын изилдөөлөрүндө музыканын адамдын өнүгүүсүнө кандай таасир этет, музыканын биздин жашообуздагы орду деги музыка тууралуу өздөрүнүн ойлорун билдиришкен.

Музыка инсандын рухий өсүшүндө лирикалык поэзиядан кийинки этап болуп эсептелет. Анын адамдын ойломуна, адеп-ахлагына, эмоционалдык жана эстетикалык тарбия берүүчү таасири бар [1]. Музыка – сезимдин тили. Адамдын жан дүйнөсүндөгү сөз жете албаган эң терең, эң назик жерине музыка жетет. Ошондуктан тарбия музыкасыз болсо, кемчил болуп калат”- деп ырастайт педагогика илими.

Музыка адамдын чыгармачыл ойломун өнүктүрүүгө жардам берет. Адамдардын рухий дүйнөсүнө анын таасири бар. Жеңил музыканы уккан маалда аң-сезим олуттуу ойлордон бошонуп, эс алат. Өспүрүмдүн жан дүйнөсүнө музыка таасир этип, сүйүү, атуулдук ж.б. сезимдерин козгойт, толкундандырат.

Мектепте тарбиялык мааниси жогору ырлар, музыка гана сунуш этилиш керек. Ал эми балдарды туура билим берүү үчүн туура музыкалык чыгармаларды уктуруу керек экендигин биле алдык. Философия, педагогика, искусство – булар “жан дүйнө өндүрүшүн” түзүүчүлөр – андан инсанды калыптандыруунун күчтүү каражаты–эстетикалык тарбия жаралган.

Ал кандайдыр бир даражада тарбия берүүнүн эки талаасы болгон – педагогика жана эстетиканын тутумунда өмүр сүрө алат. Эстетикалык тарбия берүү идеяларында, анын теориясы менен практикасында бул эки илимдин эволюциялык жолу ар дайым кесилишип турат.

Алардын өнөктөштүгүнүн маңызы: “эстетикалык” – демек бул эстетиканын тармагы, ал эми “тарбия” – педагогиканын тармагы экендигинде эмес, тактап айтканда: билимдин бул тармактарынын ар бири эстетикалык тарбияга өздүк мамилеси менен байланышат. Эки мамиленин дал ушул “ашташкан жеринде” эстетикалык тарбия жана анын практикасы жөнүндөгү өз алдынча илим пайда болгон. “Эстетика” термини гректин “aistticos” (сезим менен кабыл алынуучу) деген сөзүнөн келип чыккан [4].

Ар түрдүү музыка адамдын психикасына, ден соолугуна кандай таасирин тийгизерин бардыгыбыз эле биле бербейбиз. Азыркы заманбап музыкалык технология, анын ичинде музыкатерапия, дегеле музыкалык искусство адамдын аң-сезимин, жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө, эмоционалдык жактан жардам берет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Абдыкеримова, М. Педагогические проблемы художественного воспитания учащихся IV-VII классов в учебно-воспитательном процессе [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук / М. Абдыкеримова. – Фрунзе, 1979–27 с.

2. Абдыкеримова, М.А. Жалпы педагогика [Текст]: жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы / М.А. Абдыкеримова, Э.Т. Токсомбаева, Р.Т. Кадырбекова. – Бишкек, 2011. – 420 б.
3. Абдыраимова, Р. Элдик музыка – балдарды тарбиялоо каражаты катары [Текст] / Р. Абдыраимова, В. Постовой. – Бишкек, 1996.
4. Лихачев, Б.Т. Теория эстетического воспитания школьников [Текст] / Б.Т. Лихачев. – М., 1985.
5. Апраксина, О.А. Методика музыкального воспитания в школе [Текст] / О.А. Апраксина. – М.: Просвещение, 1988. – 222 с.

УДК 374.1
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-142-151

**Машарова Татьяна Викторовна**
Москва шаардык педагогикалык университети, педагогика жана педагогикалык психология институту, педагогика илимдеринин доктору, профессор
**Машарова Татьяна Викторовна**
Московский городской педагогический университет, Института педагогики и психологии образования, доктор педагогических наук, профессор
**Masharova Tatyana Viktorovna**
Moscow City Pedagogical University, Institute of Pedagogy and Psychology of Education, doctor of pedagogical sciences, Professor

# ОКУУЧУЛАРДЫН ӨНҮГҮҮСҮ ҮЧҮН ШАРТТАРДЫ ТҮЗҮҮДӨ КОШУМЧА БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНЫН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КЕҢЕЙТҮҮНҮН ДИДАКТИКАЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ
# ДИДАКТИЧЕСКИЕ АСПЕКТЫ РАСШИРЕНИЯ ВОЗМОЖНОСТЕЙ СИСТЕМЫ ДОПОЛНИТЕЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ В СОЗДАНИИ УСЛОВИЙ ДЛЯ САМОРАЗВИТИЯ ОБУЧАЮЩИХСЯ
# DIDACTIC ASPECTS OF EXPANDING THE CAPABILITIES OF THE SYSTEM OF ADDITIONAL EDUCATION IN CREATING CONDITIONS FOR THE SELF-DEVELOPMENT OF STUDENTS

**Аннотация:** Макалада дидактикалык аспектилер, диалектика жана «өзүн-өзү таануу», «өзүн-өзү аныктоо», «өзүн-өзү өнүктүрүү» сыяктуу түшүнүктөрдүн өз ара трансформациясы, кошумча билим берүүнүн өнүгүүсүнүн алдыңкы тенденциялары каралат. Кошумча билим берүү системасында окугандарды активдештирүү, интерактивдүү методдорду жана технологияларды тартуу ыкмаларына, ошондой эле атайын компетенцияларды калыптандыруу маселелерине өзгөчө көңүл бурулат. Инсандын өзүн-өзү өнүктүрүү деңгээлине өтүүсү – бул өтө татаал педагогикалык маселе. Бул жерде кокустукка таянууга болбойт. Кээде керектүү шарттарды гана түзүү керек жана өзүн-өзү өнүктүрүү процесси автоматтык түрдө башталат деп айтышат. Бирок, өзүн – өзү өнүктүрүүгө чейин кошумча билим берүү мекемелеринин, мугалимдердин, чоңдордун инсанды өзүн – өзү өнүктүрүүнүн жекече жолун түзүүгө үйрөтүү боюнча өзүн таануудан жүрүм-турумду өз алдынча жөнгө салууга чейин өзүн-өзү өнүктүрүүгө карай узак жана түйшүктүү иши турат.